Бекитилди:

Директор: ____________ Дж.Б.Сайдинова

“__” ______ 20__ -жыл

1. ***Жалпы жүрүм- турум эрежелери жөнүндөгү жобо***

1.1. Окуучулар мектепке сабак башталганга чейин 10 мүнөт мурун келишет: эркек балдар жана кыздар – бирдиктүү жалпы мектеп формасын кийишет, ал эми дене-тарбия сабагына атайын спорттук кийимдерди кийишет:

1.2. Окуучулар мектептин мүлкүнө жана жеке окуу куралдарына этияттык мамиле кылышат.

1.3.Мектепке жана мектептин территориясына окуучулардын спирт ичимдиктерди, наркотикалык заттарды, курал-жарактарды, жарылуучу нерселерди ж.б. уулуу заттарды алып келүүгө тыюу салынат:

1.4. Окуучуларга педагогдордун уруксатысыз мектептен жана анын аймагынан сабак учурунда кетүүгө болбойт. Сабакты өткөрүп жиберген учурда окуучу класс жетекчиден маалымкат же сабактарда жок болгондугунун себеби жөнүндө ата-энесинен маалымкат алып келиши керек. Жүйөлүү себептерсиз сабактарды өткөрүүгө уруксат берилбейт.

1.5. Мектеп окуучулары улууларды сыйлашат, кенже балдарды сыйлашат.

1.6. Мектептен тышкары, окуучулар бардык жерде мектептин аброюн түшүрбөөсү зарыл:

2. САБАКТАГЫ ЖҮРҮМ –ТУРУМ

2.1. Мугалим класска киргенде окуучулар учурашат жана педагог учурашууга жоок берип, отурганга уруксат бергенден кийин отурушат.

2.2. Сабак учурунда башкаларды алаксытып, сабактан тышкары сүйлөгөнгө, кыйкырганга, мугалимдин уруксаатысыз чыгып кетүүгө тыюу салынат.

2.3. Эгерде сабактарда окуучу класстан сыртка чыгуусу зарыл болсо, анда ал мугалимдин уруксатын алууга тийиш.

2.4. Эгерде окуучу мугалимдин суроосуна жооп бергиси келсе колун көтөрөт.

2.5. Коңгуроо берилип, танапис болгон учурда гана окучусыртка чыгуусу мүнкүн.

3. ОКУУЧУЛАРДЫН САБАККА ЧЕЙИН, ТЫНЫГУУЛАРДА ЖАНА ОКУУНУ АЯКТАГАНДАН КИЙИНКИ ЖҮРҮМ – ТУРУМДАРЫ.

3.1. Танапис учурунда окуучу төмөнкүлөргө милдеттүү.

- Өз ордунда тазалыкты жана тартипти сактоого.
- Класстан чыгып эс алууга.
- Мектеп боюнча нөөмөтчүлөрдүн, мектеп кызматкерлерин талаптарына баш ийүүгө. Окуучуларга тыюу салынат.
- Оюндар үчүн ылайыкталган эмес жерлерде ойноого.
- Бири –бирин түртүп, буюмдарды ыргытуу жана күч колдонуу.

3.2.Класс боюнча дежур окуучу.

- Танапис учурунда класста болот.